УДК 378.147:811.512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-6-92-96

# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ ИМЕНАМ СУЩЕСТВИТЕЛЬНЫМ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ В РУССКОЯЗЫЧНЫХ ГРУППАХ

***М.Т. Нуралиева***

*Аннотация.* Преподавая грамматику кыргызского языка в русскоязычных группах и разрабатывая методику его преподавания, каждый преподаватель основывается на своих знаниях и опыте и передаёт их своим ученикам. Актуальность темы вызвана необходимостью совершенствования методики обучения кыргызскому языку как второму. В данной статье рассматриваются некоторые вопросы обучения именам существительным в группах русского языка. Обучая имени существительному и предоставляя его методику правильно и доступно, учитель сможет легко и доступно объяснить остальные группы слов, а учащимся будет легче освоить группы слов кыргызского языка. Касаясь теоретических вопросов имени существительного, учителя должны уделять внимание хорошему знанию учащимися правил, повышению их орфографической грамотности, а также речевой подготовке и упражнениям. Используйте руководства, изображения, таблицы, диаграммы и т. д., поскольку применение дидактических материалов даёт хорошие результаты.

*Ключевые слова:* имя существительное; обучение; кыргызский язык; вопросы; методика; грамматика.

# ОРУС ТИЛДҮҮ ТОПТОРДО КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЗАТ АТООЧТУ ОКУТУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***М.Т. Нуралиева***

*Аннотация.* Кыргыз тилинин грамматикасын орус тилдүү тайпаларда окутуу жана анын окутуу методикаларын иштеп чыгуу ар бир окутуучу өзүнүн билимине, тажрыйбасына жараша методикасын иштеп чыгып, окуучуларына жеткирет. Теманын актуалдуулугу кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасын өркүндөтүү зарылчылыгы менен шартталган. Бул макалада зат атоочту орус тайпаларында окутуунун айрым маселелери каралды. Зат атоочту окутуу жана анын методикасын туура, жеткиликтүү берүү менен, окутуучуга сөз түркүмдөрүнүн калган түрлөрүн оңой жана жеткиликтүү түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, ал эми студенттерге да кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн өздөштүрүп кетүүсүнө оңой болот. Зат атоочтун теориялык маселелеринен кабар бергенде окутуучу студенттердин эрежелерди үйрөнүшүнө, ошондой эле орфографиялык сабаттуулугун, кептик машыгууларын жана көнүгүүлөрүн жогорулатууга көңүл бөлүүсү зарыл. Көрсөтмө куралдарды, сүрөттөрдү, таблица, схемалардын ж. б. дидактикалык материалдардын жардамы аркылуу түшүндүрүү аракети жакшы натыйжаларды берет.

*Түйүндүү сөздөр:* зат атооч; окутуу; кыргыз тили; маселелер; методика; грамматика.

# SOME PROBLEMS OF TEACHING NOUNS IN THE KYRGYZ LANGUAGE IN THE RUSSIAN-SPEAKING GROUPS

***M.T. Nuralieva***

*Abstract.* Teaching the grammar of the Kyrgyz language in Russian-speaking groups and developing a methodology for teaching it, each teacher develops a methodology based on his knowledge and experience and passes it on to his students. The relevance of the topic is caused by the need to improve the methodology for teaching the kKyrgyz language as a second language. This article discusses some issues of teaching nouns in groups of the Russian language. By teaching the noun and providing its methodology correctly and accessible, the teacher will be able to easily and clearly explain the rest of the word groups, and it will be easier for students to master the word groups of the Kyrgyz language. When teaching the theoretical issues of nouns, teachers should pay attention to the students' study

of the rules, as well as improving their spelling literacy, speech training and exercises. Use guides, pictures, tables, diagrams, etc. Trying to explain with didactic materials gives good results.

*Keywords:* noun; education; Kyrgyz language; questions; methodology; grammar.

Азыркы ааламдашуу заманында дүйнө жүзүндөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр мурунку сакталып келген абалдарды түп-тамырынан бери өзгөртүүгө эң күчтүү стимул болуп калды. Дүйнө интернационалдык жана санариптик жол менен өнүгүүнүн жаңы этабына түштү. Теманын актуалдуулугу кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасын өркүндөтүү зарылчылыгы менен шартталып, бүгүнкү күндө бир тилди, башкача айтканда, өзүнүн эне тилин гана билүү жетишсиз болуп, башка чет тилдерди да үйрөнүүнүн зарылдыгы келип чыкты. Демек, чет тилдерин билүү маданий зарылдыктан эмес, экономикалык зарылдыктан пайда болду. Бул маселе Кыргызстанга гана таандык болбостон, бүткүл дүйнөгө да таандык болуп калды.

Ушул шарттарга ылайык, Кыргызстанда өз эне тилин билүү менен бирге орус, англис, немец, француз, араб, кытай, жапон, корей ж. б. тилдерин, орус тилдүү өкүлдөрүн кыргыз тилин билүүсүн талап кылды. Мына ушул сыяктуу жагдайлар Кыргызстанда Америка университетин, Кыргыз-Кувейт университетин, Кыргыз-Түрк “Манас” университетин, “Ала-Тоо” Эл аралык университетин, Кыргыз-Россия Славян университетин жана башка эл аралык университеттерди ачууну заман талабы мажбурлаган.

Бул аталган университеттерде милдеттүү түрдө кыргыз тили окутулат. Башка улуттардагы жаштар кыргызча үйрөнүп, сүйлөө менен бирге элибиздин маданияты, адабияты, тарыхы, үрп-адаттарын ж. б. менен таанышууда. Башка улуттун жаштарына кыргыз тилин үйрөтүү үчүн аздыр-көптүр анын грамматиканын эрежелеринен кабар берүүнү туура деп эсептеймин, болбосо алар кыргыз тилин туура сүйлөөгө, өз ара пикир алышууга машыга, көнүгө алышпайт.

Студенттерге зат атоочту түшүндүрүү үчүн төмөнкү үч учурду:

1) зат атоочтун маанисин;
2) зат атоочтун өзгөрүшүн;
3) зат атоочтун жөндөлүшүн эсепке алыш керек.

Зат атоочтун теориялык маселелеринен кабар бергенде, окутуучу студенттердин эрежелерди үйрөнүшүнө, ошондой эле орфографиялык сабаттуулугун, кептик машыгууларын жана көнүгүүлөрүн жогорулатууга көңүл бөлүүсү абзел.

Бул жагын эске алып, А.В. Текучев мындай деп жазган “Мугалим окуучулардын эрежелерди билишине гана эмес, сезимдүү түрдө аларды турмушта колдоно алууларына туура багыт берүү керек” [1].

Ушул маселе боюнча К.Д. Ушинский “Знакомству с грамматическими правилами должны предшествовать знакомство с самим языком и практический навык в его правильном употреблении” деген [2]. Ошентип, эрежелерди үйрөнүү дидактикалык жана методикалык талаптарды жетекчиликке алуу менен байланыштуу болушу керек. Ансыз мугалим максатына жете албайт.

Мугалим зат атоочтун эрежелерин (аныктамасын) түшүндүрүп жатканда, анын заттын атын билдирерине, ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берерине айрыкча көңүл бурат, себеби зат атоочтун суроолору аркылуу студенттер жандуу жана жансыз заттарды туура түшүнүшөт, ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берүү менен бирге диалог түзүүгө жетишишет. Себеби тил пикир алышуунун негизги каражаты болуп саналат, тилдик ишмердүүлүк үч негизги диалектикалык бирдиктин: тил, кеп, кептик актынын негизинде түзүлөт. “<u>Язык</u> – потенция, <u>речь</u> – актуализация этой потенции, <u>речевой акт</u> – ситуативная конкретизация языковой способности людей общаться” [3].

Окутуу студенттерге зат жөнүндө түшүнүк берип жатканда, ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолор аркылуу зат атоочтун категорияларына (көптүк, таандык) токтолуп, аларды ажырата билүү үчүн бул суроолорду катыштырып диалог түздүрөт, ошондой эле жандуу, жансыз, конкреттүү, абстрактуу, энчилүү, жалпы зат атоочторду үйрөнүшөт. Диалог түзүүдө мугалим студенттердин

суроо-жоопторуна көбүрөөк көңүл буруп, кыргыз тилиндеги ким? кимдер? кимиси? деген суроолордун адамдарга гана берилерин далилдейт, орус тилиндегидей айбанаттарга эч качан ким? кимдер? кимиси? деген суроолордун коюлбагандыгын мисалдар менен далилдеп берет. Болбосо, студенттер адашып, орус тилинин таасиринде айбанаттарга да ким? кимдер? кимиси? деген суроо коюшу мүмкүн.

Муну студенттерге туура түшүндүрүү үчүн мугалим доскага: *студент, окуучу, китеби, терезе, балдар, окуучулар, кызы, кой, эчкилер* деген сыяктуу зат атооч сөздөрдү жазып, аларга кандай суроолор берилерин текшерет. Андан кийин сөздүк менен иштетүү аркылуу бекемдейт, анда тиешелүү сөздөр сунуш кылынып, аларга суроо берүү менен зат атоочторду жандуу, жансыз, конкреттүү, абстрактуу, жалпы, энчилүү ж. б. деп бөлүүгө тапшырмаларды берет. Бул жөнүндө академик И.В. Рахманов мындай деп жазган: “Для понимания сущности и глубины проблемы следует вспомнить, что основой всего обучения иностранному языку являлся перевод на родной язык, без которого школьники не могут понимать иноязычный материал, ... для изучения иностранного языка единственно приемлемым считалось понимание за счёт анализа лексико-грамматической формы и перевода на родной язык по существу” [4].

Зат атоочту өтүп жаткан мугалим студенттерге ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берүүчү сөздөрдү катыштырып эки же үч сөздөн турган сүйлөмдөрдү түздүрөт (*Асан келди. Окуучулар мектепке барышты. Күн чыкты. Мышыктын баласы терезеде отурат* ж.б.у.с. ).

В кыргызском языке грамматическое выражение имеет категория одушевлённости только при обозначении людей и некоторых мифических существ. Вопрос ким? – кто? задаётся только по отношению к людям, а вопрос эмне? – что? – к остальным живым и неживым предметам.

Наряду с этим имеются некоторые исключения: вопрос ким? – кто? редко может ставиться и к другим одушевлённым предметам, а вопрос эмне? – что? – к людям. Например: *Айша эмне төрөптүр?* – Дословно получается*: Айша что родила?* (а не кого родила).

Употребление вопросов ким? – кто? и эмне? – что? в кыргызском и руском языках не совпадает” [5].

Мугалим зат атооч жана ага берилген суроолорун түшүндүрүп бүткөндөн кийин анын сөз мүчөлөрү менен жасаларына токтолот, муну билмейинче, студенттер сүйлөм түзө алышпайт жана сүйлөөсү да анчалык өнүкпөйт. Грамматика барынан мурда кеп маданияты, окуучулардын сүйлөө практикасы менен тыгыз байланышта каралат.

Зат атоочту жасоочу мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

-чы – окуучу, кызматчы, элчи;
-лык – достук, бирдик, байлык;
-кер – жоокер, кызматкер, ишкер;
-лаш – аталаш, жолдош, жердеш;
-кана – китепкана, ашкана, дарыкана;
-ым – басым, чечим, билим;
-ма – тизме, жазма, чыгарма;
-ыш – согуш, чыгыш, уруш;
-оо – шайлоо, жайлоо, ойлоо ж. б. [6].

Бул грамматикалык аныктама түшүндүрүлүп бүткөндөн кийин төмөнкү сөздөрдү студенттерге жаздырып, жогорудагы сөз жасоочу мүчөлөрдү улантып, оозеки айттырат. Мисалы: *Манас, аш, жолдош, шаар, жоо, жер, бас, чык* ж. б. Бул тапшырмалар аткарылып бүткөндөн кийин жогорудагы сөздөр катыштырылып оозеки, жазуу түрүндө көнүгүү жумуштары жүргүзүлөт жана кыргызча, орусча сөздөр, алардын маанилери салыштырылат. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн мындай салыштырылышы барынан мурда грамматикалык кубулуштарды куру-бекер жаттоого эмес, сүйлөмдөргө байкоо жүргүзүү жолу менен өздөштүрүүгө жардам берет.

Окутуучу мүмкүн болушунча жаңы теманы көрсөтмө куралдардын, сүрөттөрдүн, таблица, схемалардын ж. б. дидактикалык материалдардын жардамы аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылышы жакшы натыйжаларды берет.

Эгерде окутууучу чет тилдерин окутканда ар түрдүү буюмдарды көрсөтсө же анын атын атаса, студентте өз эне тилинин негизиндеги ой пайда болот.

Г. Пальмер окутуунун сүйлөөсү кыймыл аракет, жандоо, жаңсап көрсөтүү ж. б. менен

коштолсо, жакшы натыйжа берерин канааттануу менен белгилеген.

Мугалим орус тилдүү студенттерге зат атоочту түшүндүргөндө, айрыкча тексттерди, сүйлөмдөрдү туура окууга, туура жазууга, сөздүк аркылуу тексттерди туура түшүнүүгө үйрөтүшү абзел. Демек, сөздүк тексттерди туура түшүнүүнү камсыз кылуучу негизги каражаттардан болуп саналат. Зат атооч сөздөр менен иш алып барууда окутуучу төмөнкү негизги үч учурга көңүл бурушу керек:

- сөздөрдү сөздүктөн туура жана бат табууга үйрөтүү;
- сөздөрдүн маанисинин туура экендигине түшүнүү;
- тилдик тапкычтыкты өнүктүрүү.

Текст менен иштөөдө окутуучунун дагы бир көңүл бура турган негизги маселеси студенттерди туура, так окууга үйрөтүү болуп саналат. Ансыз алар көп сөздөрдү туура эмес окушуп, анын лексикалык-семантикалык маанисине да жакшы түшүнө алышпай калышат. Окууга үйрөнүү менен студенттер эки максатка жетишишет, бир жагынан – туура окуунун ыктарына үйрөнүшсө, экинчи жагынан – окугандарынын маанисин туура түшүнүүгө көнүгүшөт.

Кыргыз тилин үйрөтүүдө окуу кандай негизги ролду ойносо, которуу да ошондой эле чоң мааниге ээ. Которуу зат атоочту окутууда кеңири колдонулат. Зат атоочтун котормолорун туура, так билмейинче башка сөз түркүмдөрүн түшүнүү же аларды кошуп окуу кыйынчылыкты туудурат. Которуу жаңы материалдарды түшүндүрүүдө гана эмес, өтүлгөн материалдарды да бышыктоодо кеңири колдонулат.

Грамматикалык материалдарды өздөштүрүүдө которуунун мааниси жөнүндө Н.А. Урумбаев мындай деп жазган: «Для этой цели проводятся работы над двуязычными упражнениями. В упражнениях по грамматике рекомендуется применять разнообразные виды перевода: 1) перевод с русского на родной язык; 2) перевод с родного языка на русский язык; 3) комплексный перевод. Все эти виды перевода проводятся устно и письменно, коллективно и индивидуально» [7].

Зат атоочтун жөндөлүш типтери студенттер үчүн туура сүйлөөгө, өз оюн башкаларга түшүндүрүүдө сөзсүз керек. Жөндөмөсүз туура окуп, туура жазуу мүмкүн эмес. Ошон үчүн орус тилдүү топтордогу студенттерге аларды туура түшүндүрүү негизги максаттардан болуп саналат. Зат атоочтун жөндөлүшүнүн үч тиби бар, биринчиси – таандык уландылар уланбай турган сөздөрдүн жөндөлүшү, бул өз ара үчкө бөлүнөт: 1) аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү (*баланын, балага, баланы, балада, баладан*); 2) аягы жумшак үнсүздөр менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү (*кыздын, кызга, кызды, кызда, кыздан*); 3) аягы каткалаң үнсүздөр менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү (*таштын, ташка, ташты, ташта, таштан*); экинчи тиби – таандык мүчөлөр уланып турган зат атоочтордун жөндөлүшү (*баламдын, балама, баламды, баламда, баламдан, баласынын баласына, баласын, баласында, баласынан*); 3) аягы *ск, кт, фть, мн, нг, нд, нк* менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү.

«Вся дальнейшая работа над темой должна представлять собой упражнения в склонении и правописании наиболее трудных случаев на новых примерах и в развитии речи учащихся» [8].

Бул теманы окутуучу студенттерге түшүндүрүү үчүн төмөнкү маселелерди туура чечүүгө тийиш:

1) контексттеги зат атоочтордун жөндөлүш типтерин туура түшүнүүгө, туура аныктай алууга;

2) зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн туура окууга жана туура жазууга;

3) жөндөмөдө турган зат атоочторду оозеки, жазуусу кептеринде туура колдоно алуу ж. б.

Зат атоочтун жөндөлүшүн түшүндүрүүдө:

- эрежелерге байланыштуу таблицаларды;
- алгоритмдик схемаларды;
- текстүү плакаттарды, сүрөттөрдү;
- көрсөтмө куралдарды, көрсөтмө жазууларды ж. б. үзбөй колдонуу керек. Мындан тышкары, дегеле тилдин грамматикасын окутууда азыркы заманбаптын талабына ылайык мультимедиялык каражаттарды колдонуу өз натыйжасын берүүдө.

Ошентип, тилде зат атооч кеңири орунду ээлеп, ар түрдүү грамматикалык категорияларга ээ болуп эсептелип, өзүнчө ири грамматикалык категориянын бирине жатат. Зат

атоочтор сематикасы жагынан ар түрдүү топторго (энчилүү, жеке, ар түрдүү буюмдар, жаратылыштык, коомдук кубулуштар ж. б.) бөлүнөт [9].

Поступила: 30.03.23; рецензирована: 14.04.23; принята: 17.04.23.

***Адабияттар***

1. *Текучев А.В.* Методика русского языка в средней школе / А.В. Текучев. М.: Просвещение, 1980. С. 172.
2. *Ушинский К.Д.* Предисловие к первому изданию «Детского мира». Избранные произведения / К.Д. Ушинский. М., 1946. С. 21.
3. *Шабыкеева Г.Т.* Основы развития говорения и понимания иностранного языка с опорой на родной язык. Мамлекеттик тил: проблемалар жана милдеттер: илимий-практикалык конференциянын материалдары / Г.Т. Шабыкеева. Бишкек, 2003. 148-б.
4. Общая методика обучения иностранным языкам в средней школе / под ред. А.А. Миролюбова, И.В. Рахманова, В.С. Цетмен. М., 1967. С. 204.
5. *Дыйканов К.* Имя существительное в киргизском языке / К. Дыйканов. Фрунзе, 1955. С. 15.
6. *Үсөналиев С.* Кыргыз тилинин справочниги / С. Үсөналиев. Бишкек, 2010. 45-б.
7. *Урумбаев Н.А.* Основы методики русского языка в каракалпакской школе / Н.А. Урумбаев. Нукус: Каракалпакия, 1969. С. 214.
8. *Приступа Г.Н.* Краткий курс методики русского языка / Г.Н. Приступа. Рязань, 1975. С. 232.
9. Кыргыз тилинин жазма грамматикасы. Азыркы кыргыз адабий тили. Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. 210-б.